**Кызыл-Кыя аймактык шайлоо комиссиясынын алдындагы Ыкчам чара көрүүнүн координациялык тобунун (ЫЧКТ) отурумунун №2 протоколу**

**Кызыл-Кыя шаары** **05.04.2021ж.**

**Катышкандар:**

**Жалиев Н.** - **ЫЧКТ төрагасы;**
**Сартбаева М.** - **ЫЧКТ катчысы;**

**Маматалиев А.** - **Кызыл-Кыя шаардык прокурорунун жардамчысы;**
**Азимов Т.** - **ШИИБ башчысынын орун басары;**
**Кулуев М.** - **УКМК опер.кызматкери.**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. **«Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын үстүнөн үгүттөө иштеринде кетирген мыйзам бузууларга жол берилгендиги боюнча арызды кароо.**

**АШК төрагасы Н.Жалиев:** Урматтуу комиссия мүчөлөрү, Кызыл-Кыя АШКсына «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын үстүнөн үгүттөө иштеринде кетирген мыйзам бузууларга жол берилгендиги боюнча «Замандаш» саясий партиясынан арыз келип катталды. Ошондой эле, «Ата-Жур» жана «Өнүгүү прогресс» саясий партияларынан электрондук арыздар берилген. «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын шайлоого карата үгүттөө иштеринде мыйзам бузууларга жол берилип, саясий бийлик адамдарынын аты аталып үгүттөө иштери жүргүзүлгөн видео-материалдары социалдык тармактарга таркатылып кеткен.

Бул маселе боюнча, эрте мененки болгон жыйында каралып, ШИИБ кызматкерлери тарабынан иликтөө иштери жүргүзүлүп, үгүт иштерин жүргүзгөн жаранды сурак кылынып, кабыл алынган чечим негизинде кароо боюнча чечим кабыл алынган.

**ШИИБ начальнигинин орун басары Т.Азимов**: ШИИБ кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн сурак негизинде кабыл алынган чечим менен тааныштырды.

Күн тартибиндеги аталган маселе боюнча карап чыгып, ыкчам чара көрүү тобу

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын үгүттөө иштеринде Кызыл-Кыя шаардык кенешине депутаттыгына талапкер тарабынан жалданган адамга туура эмес маалымат берилген. Анда, мамлекет башчысы С.Жапаровдун, УКМКнын башчысы К.Ташиев боюнча туура эмес маалымат социалдык барактарга жүктөлгөн.
2. «Ата Журт Кыргызстан» саясий партиясынын тизмесиндеги №10 катар номеринде катталган талапкер – Бегматов Каныбек Сайдуллаевичти тарабынан үгүт иштерин жүргүзгөн агитаторго оозеки келишим түзүлүп, финансалык отчет көрсөтүлгөн эмес.

3. «Ата Журт Кыргызстан» саясий партиясынын депутаттыкка талапкер – Бегматов Каныбек Сайдуллаевич тарабынан үн чыгаруучу аппарата жана микрофон сатып алынып берилген.
4. Эскертүүдөн кийин да, ЫЧКТ отурумунда берилген эскертүүгө карабай, кайрадан «Таштемир ажы» базарына барып, үгүт иштерин мурдагыдай эле саясий мамлекеттик жетекчилерди атын атап (С.Жапаров, К.Ташиев) уланткан.
5. «Ата Журт Кыргызстан» саясий партиясынын тизмесиндеги №10 катар номеринде катталган талапкер – Бегматов Каныбек Сайдуллаевич тарабынан буга чейин да эскертүү берилген.
6. Жогорудагы фактыларды эске алып, «Ата Журт Кыргызстан» саясий партиясынын тизмесиндеги №10 катар номеринде катталган талапкер – Бегматов Каныбек Сайдуллаевичти «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын шаардык кенешинин депутаттыгына талапкерлер тизмесинен чыгарылсын.
7. Үгүт иштерин жүргүзгөн Кошматов Уланбек Жаныбаевичке үгүт иштерин жүргүзүүдө кетирген мыйзам бузууларына негиз, КР бузуулар Кодексинин 44-беренесинин 1-бөлүмүнө таянып – 7500 (Жети мин беш жүз) сом айып пул салынсын.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
КЫЗЫЛ-КИЙСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

| | |
|---|---|
| **ЫЧКТ төрагасы** | **Н.Жалиев** |
| **ЫЧКТ катчысы** | **М.Сартбаева** |
| **Кызыл-Кыя шаардык прокурорунун жардамчысы** | **А. Маматалиев** |
| **ШИИБ башчысынын орун басары** | **Т.Азимов** |
| **УКМК опер.кызматкери** | **Кулуев М.** |